# Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүсүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын макети

Жогорку, орто кесиптик жана ЖОЖдон кийинки билим берүү башкармалыгынын начальниги

Исираилова Айнура Толобаевна

# КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 8-июлундагы № 371 токтому

- **Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүсүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын макети** бекитилди

- Буга чейин колдонулган башталгыч кесиптик, орто кесиптик билим берүүнүн жана жогорку кесиптик билим берүүнүн (бакалавр, магистр, адис) МБСтеринин макеттери күчүн жоготту деп таанылды

# Макетти бекитүүнүн максаты жана милдеттери

1. Кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартын иштеп чыгууну жана бекитүүнү жөнгө салуучу ЧУАларды Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамына ылайык келтирүү
2. Кесиптик билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде мамлекеттик билим берүү стандарттарынын формасына жана мазмунуна бирдиктүү талаптарды киргизүү (академиялык кредиттерди колдонуу, компетенттүүлүк мамиле, бирдиктүү терминологияны колдонуу ж.б.)
3. Кесиптик билим берүүнүн ар кандай деңгээлдериндеги кесиптик программалардын үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу.
4. Билим берүү уюмдарына академиялык эркиндик берүү

# Макет менен МБСтин түзүмү аныкталат

- МБСти колдонуу чөйрөсү
- багыттын/адистиктин/кесиптин жалпы мүнөздөмөсү
- билим берүү программаларын ишке ашырууга карата жалпы талаптар
- билим берүү программасын ишке ашырууда окуучулардын укуктарына жана милдеттерине карата жалпы талаптар
- кесиптик билим берүүнүн тиешелүү деңгээлиндеги билим берүү программасынын мазмунуна карата талаптар
- окуу процессин кадрлар менен камсыз кылуу
- окуу процессин окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздоо
- окуу процессин материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу
- билим берүү программаларынын түзүмү

# 1. Жалпы жоболор

- Бул бөлүмдө терминдер, аныктамалар, белгилер, кыскартуулар берилген
- “Билим берүү жөнүндө” мыйзамда каралган “окутуунун гибриддик методу”, “дуалдык окутуу”, “жумуш ордунда окутуу”, “тездетилген программа” ж. б. сыяктуу жаңы түшүнүктөр киргизилген.

# 2. Колдонуу чөйрөсү

- МБС окуу, уюштуруу-методикалык документтерди иштеп чыгуу, билим берүү программасын өздөштүрүүнүн сапатын баалоо үчүн негиз болуп санала тургандыгы белгиленген
- МБСтин негизги колдонуучулары аныкталды **(администрация жана педагогикалык курам, окуучулар, иш берүүчүлөр, ОМБ, КР БИМ, аккредитациялык агенттиктер)**

# 3. Кесиптин/адистиктин/багыттын жалпы мүнөздөмөсү

- Билим берүү программасын өздөштүрүү формалары
- Абитуриенттердин билим деңгээлине карата талаптар. Башталгыч кесиптик билим жөнүндө дипломдун базасында (негизги жалпы билим (ОКБ үчүн) же орто жалпы билим (ОКБ же ЖКБ үчүн) болсо) орто кесиптик билим жана жогорку кесиптик билим алуу мүмкүнчүлүгү каралган
- Кредиттер менен билим берүү программасынын сыйымдуулугуна карата талаптар белгиленген, окутуунун ченемдик мөөнөтүнө карата талаптар конкреттүү адистик/багыт боюнча МБСте белгиленет

# 3. Кесиптин/адистиктин/багыттын жалпы мүнөздөмөсү

- Мурунку билим берүүнүн жана окутуунун натыйжаларын таанууну эске алуу менен тездетилген программалар боюнча ОКБ жана ЖКБ алуу мүмкүнчүлүгү каралган. Мында тездетилген программалар боюнча окутуунун мөөнөтүн билим берүү уюму окутуунун натыйжаларын кайрадан зачеттоонун жыйынтыгы боюнча өз алдынча аныктайт.
- Даярдоонун ар кандай багыттарына ээ адистерге эмгек рыногунун өсүп жаткан керектөөлөрүн камсыздоо үчүн билим берүү уюмунун чечими боюнча магистр билим берүү программасынын сыйымдуулугуна карата талаптар сакталган шартта магистр билим берүү программасын өздөштүрүү мөөнөтүн 1 (бир) жылга чейин кыскартууга жол берилет (120 кредит)

# Тездетилген программалар

Тездетилген программа - бул кыскартылган мөөнөттө мурунку окуунун натыйжаларын таануу менен окутууну камсыз кылган программа.

Тездетилген программа боюнча ОКБ алуу укугу тиешелүү профилдеги башталгыч кесиптик билими же орто кесиптик билими бар адамдарга берилет.

Тездетилген программа боюнча ЖКБ алуу укугу тиешелүү профилдеги орто кесиптик билими же жогорку кесиптик билими бар адамдарга берилет.

ЖОЖдордо жана коождордо тездетилген программаларды ишке ашыруу, окутуунун мурдагы натыйжаларын таануу жөнүндө локалдык актыларды иштеп чыгуу жана бекитүү зарыл.

# Тездетилген программалар

Профилдин шайкештиги билим берүү уюму тарабынан өз алдынча аныкталат.

**Ошол эле учурда төмөнкүлөр сунушталат**:

- БКБ жана ОКБ адистигинин, ОКБ адистигинин жана ЖКБ багыттарынын/адистиктеринин бир тармагына таандыктыгын эске алуу;
- профилдин шайкештигин аныктоо үчүн колдонуу:

  БКБ билим берүү уюмдарында окутулуучу кесиптердин тизмеси (КР КМдин 2023-жылдын 16-майындагы № 252 токтому);

  ОКБ адистиктеринин тизмеси (КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-мартындагы № 160 токтому)

  Бакалаврларды жана адистерди даярдоо багыттарынын тизмеси (КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-августундагы №496 токтому)

Экинчи жогорку же орто кесиптик билим профилине карабастан тездетилген программа боюнча алынат.

# 3.Кесиптин/адистиктин/багыттын жалпы мүнөздөмөсү

- 8. Күндүзгү окутуу формасы боюнча билим берүү программасынын сыйымдуулугу:
- БКБ - 60дан кем эмес академиялык кредит;
- ОКБ - 120дан кем эмес академиялык кредит;
- ЖКБ (бакалавриат) - 240дан кем эмес академиялык кредит;
- ЖКБ (адистик) - 300дөн кем эмес академиялык кредит;
- ЖКБ (магистратура) - 120дан кем эмес академиялык кредит.

# 3. Кесиптин/адистиктин/багыттын жалпы мүнөздөмөсү

- МБСтеги ар бир адистик/багыт үчүн төмөнкүлөрдү аныктоо зарыл:
- Окутуу жана тарбиялоо жаатындагы билим берүү программасынын максаттарын
- Экономикалык иштин түрүн *(КР Өкмөтүнүн 11.01.2011-ж. №9 токтому менен бекитилген Экономикалык ишмердиктин түрлөрүнүн мамлекеттик классификаторунан)*
- Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин багыттарын
- Кесиптик иштин объекттерин
- Билим берүүнү улантуу мүмкүнчүлүктөрүн

# 4. Билим берүү программаларын ишке ашыруу шарттарына карата жалпы талаптар

- Билим берүү уюмдары кесиптик билим берүүнүн тиешелүү деңгээлиндеги билим берүү программаларын тиешелүү МБСтин, Квалификациялардын улуттук алкагынын, квалификациялардын тармактык/сектордук алкактарынын жана кесиптик стандарттардын (бар болсо) негизинде өз алдынча иштеп чыгышат.
- Билим берүү программасынын ар бир циклине тиешелүү дисциплиналардын (модулдардын) топтомун жана алардын сыйымдуулугун билим берүү уюму цикл үчүн белгиленген көлөмдө, аны өздөштүрүүнүн натыйжаларына коюлган талаптарды эске алуу менен, КР КУАда каралган окутуунун натыйжаларынын жыйындысы түрүндө өз алдынча аныктайт.

# 4. Билим берүү программаларын ишке ашыруу шарттарына карата жалпы талаптар

- Билим берүү уюмдары билим берүү программаларын 5 (беш) жылда бир жолудан кем эмес жаңылап турушат
- ЖКБ билим берүү программасы окуучулардын тандоосу боюнча дисциплиналардын ар бир циклинин вариативдүү бөлүгүн камтууга **тийиш**. БКБ жана ОКБ билим берүү программасы **билим берүү уюмунун каалоосу боюнча** окуучулардын тандоосу боюнча дисциплиналарды камтышы **мүмкүн**.
- Билим берүү уюму окуучуларга билим берүү программасына, окуу курстарына (дисциплиналарга, модулдарга) жетүү мүмкүнчүлүгүн берүүгө, киришүү курстарын өткөрүүгө, жекече окутуу программасын түзүү үчүн кызыкчылыктарын жана курстарды тандоонун каалоолорун ж.б. суроого милдеттүү. Окуучу билим берүү уюму тарабынан берилген академиялык консультанттын катышуусу менен өзүнүн жеке окуу планын түзөт.

# 5. Билим берүү программасын ишке ашырууда окуучулардын укуктарына жана милдеттерине карата жалпы талаптар

- Окуучулар жогорку кесиптик билим берүү программасынын алкагында окуучулардын тандоосу боюнча окуу дисциплиналарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде конкреттүү дисциплиналарды тандап алууга укуктуу.
- Окуучунун окуу жүктөмүнүн минималдуу көлөмү аныкталды - **жумасына 38 сааттан кем эмес**, анын ичинде аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен. Окуучунун жумасына окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү билим берүү уюму тарабынан белгиленет.

# 5. Билим берүү программасын ишке ашырууда окуучулардын укуктарына жана милдеттерине карата жалпы талаптар

- Күндүзгү окутуу формасында жумасына аудиториялык сабактардын көлөмү кесиптик билим берүүнүн деңгээлин жана кесиптин/адистиктин/багыттын өзгөчөлүгүн эске алуу менен МБСте аныкталат:
- БКБ үчүн ар бир окуу дисциплинасын/кесиптик модулду өздөштүрүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 80% кем эмес;
- ОКБ үчүн ар бир окуу дисциплинасын/кесиптик модулду өздөштүрүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35% кем эмес;
- Бакалаврды даярдоо багыты боюнча жана адистик боюнча ЖКБ үчүн жалпы көлөмдүн 35% кем эмес;
- Магистрди даярдоо багыты боюнча ЖКБ үчүн жалпы көлөмдүн 25% кем эмес.

# 6. Кесиптик билим берүүнүн тиешелүү деңгээлиндеги билим берүү программасынын мазмунуна карата талаптар

- Бул бөлүмдө бүтүрүүчү ээ болууга тийиш болгон компетенциялар көрсөтүлүшү керек.
- Макетте кесиптик билим берүүнүн ар бир деңгээли үчүн сегиз гана жалпы компетенттүүлүк аныкталган
- Кесиптик компетенциялар *КУАга ылайык, кесиптик стандарт боюнча (бар болсо) же иш берүүчүлөр менен макулдашылып, ОУБ тарабынан аныкталат. Кесиптик стандартка ылайык, кесиптик компетенциялар жалпыланган эмгек функциялары*

# 6. Кесиптик билим берүүнүн тиешелүү деңгээлиндеги билим берүү программасынын мазмунуна карата талаптар

- Билим берүү программасы жалпы гуманитардык циклдин милдеттүү дисциплиналарын ишке ашырууну камсыз кылышы керек, алардын тизмеси жана сыйымдуулугу КР БИМ тарабынан аныкталат
- Дисциплиналардын ар бир цикли билим берүү уюму тарабынан белгиленүүчү базалык (милдеттүү) жана вариативдик бөлүктөргө ээ. Вариативдик бөлүк базалык бөлүктүн мазмуну менен аныкталган даярдоону тереңдетүүгө, аймактык эмгек рыногунун суроо-талаптарына жана билим алууну улантуу мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык бүтүрүүчүнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн зарыл болгон кошумча компетенцияларга ээ болууга мүмкүндүк берет.

# ЖКБ билим берүү программалары үчүн жалпы гуманитардык циклдин милдеттүү дисциплиналарынын тизмеси жана сыйымдуулугу
# (БИМдин __________ №_________ буйругу менен бекитилген)

| № | Дисциплиналардын аталышы | Дисциплиналардын сыйымдуулугу | |
|---|---|---|---|
| | | кредит менен | саат менен |
| 1. | Кыргыз тили жана адабият | 8 | 240 |
| 2. | Орус тили | 4 | 120 |
| 3. | Чет тили | 4 | 120 |
| 4. | Кыргызстан тарыхы | 4 | 120 |
| 5. | Манас таануу | 2 | 60 |
| 6. | Кыргызстандын географиясы | 2 | 60 |
| 7. | Философия | 4 | 120 |
| | **Бардыгы:** | **28** | **840** |

# ОКБ билим берүү программалары үчүн жалпы гуманитардык циклдин милдеттүү дисциплиналарынын тизмеси жана сыйымдуулугу (БИМдин __________ №_________ буйругу менен бекитилген)

| № | Дисциплиналардын аталышы | Дисциплиналардын сыйымдуулугу | |
|---|---|---|---|
| | | кредит менен | саат менен |
| 1. | Кыргыз тили жана адабият | 3 | 90 |
| 2. | Орус тили | 2 | 60 |
| 3. | Чет тили | 2 | 60 |
| 4. | Кыргызстан тарыхы | 4 | 120 |
| 5. | Манас таануу | 2 | 60 |
| 6. | Кыргызстандын географиясы | 2 | 60 |
| | **Бардыгы:** | **15** | **450** |

# 7. Окуу процессин кадрлар менен камсыз кылуу

- Билим берүү программасын ишке ашыруу кесиптик билим деңгээлине, окутулуп жаткан дисциплинанын профилине ылайык келген билими бар жана илимий, методикалык иш менен системалуу алектенген педагогикалык кадрлар менен камсыз кылынышы керек. Тиешелүү кесиптик чөйрөдөгү окутуучунун компетенциялары кошумча билими жөнүндө документтер (сертификаттар, күбөлүктөр, дипломдор ж.б.) менен да ырасталышы мүмкүн.
- Кесиптик билим берүүнүн тийиштүү деңгээли үчүн кесиптик циклдин окутуучулары төмөнкүлөргө ээ болушу керек:

- ОКБ – бакалавр же адистиктен төмөн эмес жогорку кесиптик билимге (авиациялык адистиктерден тышкары);

Кесиптик циклдин окутуучуларынын сапаттык курамын баалоодо 10 жылдан ашык тажрыйбасы бар өндүрүшчүлөр эске алынат;

# 7. Окуу процессин кадрлар менен камсыз кылуу

- ЖКБ – адистин/магистрдин квалификациясына же илимдин кандидаты же доктору/PhD илимий даражага жана/же тиешелүү кесиптик чөйрөдөгү иш тажрыйбага.

- Ушул билим берүү программасы боюнча билим берүү процессин камсыз кылган окутуучулардын жалпы санында илимдин кандидаты же доктору даражасы бар окутуучулардын (же аларга теңештирилген адистердин) үлүшү:

– бакалавр, адистик – 40%дан кем эмес;

– магистратура – 60%дан кем эмес болууга тийиш.

# 8. Окуу процессин окуу-методикалык жана маалыматтык камсыздоо

- Милдеттүү окуу китептеринин жана методикалык куралдардын тизмеси лицензиялык талаптарга ылайык билим берүү уюму тарабынан аныкталат.
- Окуучулардын билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияты жана/же электрондук адабият менен камсыз болушу лицензиялык талаптарга ылайык келүүгө тийиш. Окутулуучу маалымат булактары заманбап талаптарга жооп бериши керек.

# 9. Окуу процессин материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу

- Билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму санитардык жана өрткө каршы эрежелерге жана ченемдерге ылайык келген билим берүү уюмунун окуу планында каралган, окуучуларды лабораториялык, дисциплинардык жана дисциплиналар аралык даярдоонун, практикалык жана илимий-изилдөө иштеринин бардык түрлөрүн жүргүзүүнү камсыз кылуучу материалдык-техникалык базага ээ болушу керек

# КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 8-июлундагы № 371 токтомун ишке ашыруу жөнүндө КР БИМдин буйругу

1. Менчигинин түрүнө жана ведомстволук баш ийүүсүнө карабастан Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын жетекчилери Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 8-июлундагы № 371 "Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын макетин бекитүү жөнүндө" токтомун жетекчиликке жана аткарууга кабыл алышсын.
2. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- бакалаврларды даярдоо багыттары жана адистиктер боюнча жогорку кесиптик билим берүү программалары үчүн жалпы гуманитардык циклдин милдеттүү дисциплиналарынын тизмеси жана сыйымдуулугу 1-тиркемеге ылайык;
- кесиптик орто билим берүү программалары үчүн жалпы гуманитардык циклдин милдеттүү дисциплиналарынын тизмеси жана сыйымдуулугу 2-тиркемеге ылайык.

# КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 8-июлундагы № 371 токтомун ишке ашыруу жөнүндө КР БИМдин буйругу

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 8-июлундагы № 371 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын макетинин жана ушул буйруктун 2-пунктунун талаптары төмөнкүлөрдү **иштеп чыгууда милдеттүү эмес экендиги** белгиленсин:

- өзгөчө статуска ээ болгон жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдары тарабынан бекитилүүчү билим берүү стандарттарын;

- кесиптик билим берүү программалары боюнча эксперименталдык билим берүү стандарттарын.

# КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 8-июлундагы № 371 токтомун ишке ашыруу жөнүндө КР БИМдин буйругу

4. Жогорку кесиптик билим берүүнүн окуу-методикалык бирикмелеринин жана орто кесиптик билим берүүнүн окуу-методикалык кеңештеринин төрагалары бакалаврларды, магистрлерди даярдоо багыттары боюнча жана адистиктер боюнча **мамлекеттик жана расмий тилдерде** мамлекеттик билим берүү стандарттарынын долбоорлорун иштеп чыгышсын жана аларды **2024-жылдын 20-декабрына чейин** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине бекитүүгө беришсин.

# КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 8-июлундагы № 371 токтомун ишке ашыруу жөнүндө КР БИМдин буйругу

5. Менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыгына карабастан ЖКБ, ОКБ билим берүү уюмдарынын жетекчилери:

- мамлекеттик билим берүү стандарттары **бекитилгенге чейин** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 8-июлундагы № 371 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын макетине ылайык **2024-2025-окуу жылынан тартып** билим берүү программаларын ишке ашырууга өтүү максатында даярдоо багыттары жана адистиктер боюнча **билим берүү программаларын өз алдынча иштеп чыгышсын жана бекитишсин**;
- тийиштүү профилдеги башталгыч кесиптик билими же мурунку билиминин натыйжаларын таанууну эске алуу менен орто кесиптик билими бар адамдарга тездетилген программалар боюнча орто кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүгө укук беришсин;
- тийиштүү профилдеги орто кесиптик билими же мурунку билиминин натыйжаларын таанууну эске алуу менен жогорку кесиптик билими бар адамдарга тездетилген программалар боюнча жогорку кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүгө укук беришсин.

# Көңүл бурганыңыз үчүн рахмат!